**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**
**“Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ”**
**ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ**

Жобо ЖАМУнун
Окумуштуулар кеңешинде
каралып, бекитүүгө сунушталган.
Протокол № 1
“01” 09 2025-ж.

**БЕКИТЕМ**
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору, профессор
__________ К.Үсенов
“_____” ____________ 2025-ж.

# БИЛИМ АЛУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛООНУН МОДУЛДУК-РЕЙТИНГДИК СИСТЕМАСЫ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБОСУ

Жобо ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 16.01.1997-жылдын № 9-протоколу менен кабыл алынган

ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2006-жылдын 27-октябрындагы №2-протоколу менен өзгөртүү киргизилген.

ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2009-жылдын 2-апрелиндеги №7-протоколу менен менен өзгөртүү киргизилген.

ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 24- февралындагы №5-протоколу менен өзгөртүү киргизилген.

ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2018-жылдын 22- июнундагы № 8-протоколу менен өзгөртүү киргизилген.

ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2019-жылдын 15- февралындагы № 5-протоколу менен өзгөртүү киргизилди.

ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 29- октябрындагы № 3-протоколу менен өзгөртүү киргизилди.

ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 29-октябрындагы №3-протоколу менен өзгөртүү, толуктоолор киргизилди.

ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 26-июнундагы №11-протоколу менен өзгөртүү, толуктоолор киргизилди.

ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 1-сентябрындагы №1-протоколу менен өзгөртүү, толуктоолор киргизилди.

**Жалал-Абад– 2025**

**Билим алуучулардын жетишкендиктерин баалоонун модулдук-рейтингдик системасы жөнүндөгү жобосу**

КРнын министрлер кабинетинин 2024-жылдын 24-сентябрындагы, №590 токтомунун жана 2025-жылдын 10-июнундагы №329 токтомунун негизинде түзүлгөн "**ЖАМУнун академиялык кредиттерди колдонуу менен жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарында окуу процессии уюштуруу жөнүндө" жоболорунун жана "ЖАМУнун жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарында билим алуучуларды учурдагы жана орто аралык аттестациялоо жана академиялык кредиттерди колдонуу менен окуу процессин уюштуруу жөнүндө"** жоболорунун негизинде аталган жобого өзгөртүү киргизилди.

Учурда окутуунун кредиттик технологиялары колдонулуп жаткан учурда студенттердин билим сапатын жана жетишүүсүн баалоонун ар түрүү формалары студенттердин билим деңгээлин белгилүү бир теңдештикке алып келүү жана алардын өз алдынча чыгармачылык менен иштөөсүн талап кылып жатат. Ошондуктан билим алуучунун модулдук-рейтинг системасы улам өркүндөөгө тийиш.

**1. Аткаруу жана колдонуу багыттары**

Билим алуучулардын жетишкендиктерин баалоонун модулдук-рейтингдик системасы – аларды өздөштүрүү процессинде тиешелүү дисциплиналардын логикалык жактан бүткөн бөлүмдөрү (модулдары жана главалары) боюнча билим алуучулардын окуу материалын семестр ичинде өздөштүрүүсүн контролдоо болуп эсептелет.

1.1. Билим алуучулардын жетишкендиктерин баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын жобосу ректордун алдындагы жумушчу кеңешмеде каралып, талкууланат.

1.2. Билим алуучулардын жетишкендиктерин баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын жобосуна өзгөртүүлөр жана сунуштар ЖАМУнун Окумуштуулар Кеңешинде каралат.

**2. Жалпы жобо**

2.1. Билим алуучулардын жетишкендиктерин баалоонун модулдук-рейтинг системасы (БМРС) – ЖАМУнун окуу процессин модулдук – блок тартибине негизделген жогорку жана орто билим берүүнүн кесиптик программасын өздөштүрүүгө багытталган окуу жараянын уюштуруу системасы.

БМРС – бул же тигил дисциплинаны өздөштүрүүдө анын окуу материалдарын ири блокторго (модулдарга) бөлүп окутуу менен студенттин билимин анын блоктор боюнча алган баллдарынын суммасы менен баалоо.

Модуль (учурдагы текшерүү, студенттердин өз алдынча иштери жана аралыктагы текшерүүнүн көрсөткүчтөрү) – БМРСнын негизги уюштурууучу-мазмундук бирдиги. Ал окутулуп жаткан дисциплинанын окуу материалдарынын ички логикалык байланыштары боюнча бир нече темаларды же главаларды камтыган жумушчу-окуу программасынын бир бөлүгү болуп саналат.

Рейтинг – студенттин индивидуалдык топтогон баллдарынын орточо жыйындысы (индекс).

2.2. ЖАМУда студенттердин жетишүүсүн жана билим сапатын аныктоо боюнча модулдук-рейтинг системасын киргизүүнүн максаты – жогорку жана орто кесиптик билим берүүдө студенттердин жеке өнүгүүсүн, билим алуудагы жетишкендигин комплекстүү баалоо болуп эсептелет.

**3.БМРСнын маселелери**:

- Студенттердин семестр ичинде үзгүлтүксүз жана активдүү билим алуусуна, дисциплиналардын программаларын сапаттуу өздөштүрүүгө, билим деңгээлине жараша обьективдүү баалоого жетишүү;

- ЖАМУдагы билим берүү процессин толугу менен санариптештирүү, кызыккан тараптардын талабына жооп берүү, студенттердин билимин баалоо процессин уюштуруунун деңгээлин жогорулатуу;
- Студенттердин системалык түрдө өз алдынча иштөөсүн тереңдетүү жана натыйжалуугун жогорулатуу;
- Окутуучу менен студенттердин ортосундагы иш аракетти күчөтүү;
- Окуу процессинин бардык этаптарында билим алууга үзгүлтүксүз көзөмөлжүргүзүү.

**3.1. Студенттердин милдеттери:**

- ЖАМУдагы билим алуучулардын модулдук-рейтинг системасынын шарттары жана баалоо шкалалары менен таанышат жана жобону жетекчиликке алышат;
- Дисциплина башталганда модулдун тесттик тапшырмалары менен таанышуу үчүн АВН порталына жүктөлгөн тестти алышат, аны менен сабак мезгилинде иштөөгө даярданышат;
- Сабактарды, модулдарды, жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү себепсиз үзгүлтүккөучуратпоону билишет;
- Өз убагында баалоо критерийлери, жетишүүнүн жыйынтыгы боюнча билим алуучунун орточо баллы (GPA - Grade Point Average)), рейтинг баракчалары менен таанышышат;
- Учурдагы текшерүүнү, аралыктагы текшерүүнү, өз алдынча иштерин өз учурунда тапшырышат. Эгерде тапшыра албай калса тастыктоочу тактаманы көрсөтүшүп, директордон уруксат алышат.

**3.2. Окутуучунун милдеттери:**

- Дисциплина боюнча жумушчу программаларын иштеп чыгат;
- Тесттик тапшырмаларды иштеп чыгып, жыл башында АВН порталына жайгаштырат, студенттерге тааныштырат, модулга жакын график боюнча тесттик тапшырмаларын белгиленген тартипте өз мөөнөтүндө тестирлөө бөлүмүнө тапшырат;
- Предметтер боюнча силлабустарды модулдук системага ылайыкташтырып түзөт;
- Студенттер үчүн БМРС боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү даярдайт, ар жыл сайын тесттик тапшырмаларына оңдоо, түзөө киргизет, сапатына жооп берет;
- Электрондук журналдарды убагында толтуруп, катышууну текшерүү (“КТ”), жетишүүнү текшерүү (“ЖТ”)ны үзгүлтүксүз коет;
- Окуу процессинде студенттерди өз алдынча иштерди аткарууга көнүктүрөт. Белгилүү адистик/профиль боюнча академиялык топтун өз алдынча ишти кабыл алуу графигин бекитет. Ар бир дисциплинанын графиги СӨИнин көлөмүн академиялык семестрдин жумасына бөлүштүрүү менен түзүлөт;
- Студенттер модуль тапшырганда өзү окуткан дисциплинадан модулга кирген студенттердин 50%дан жогорусу босого баллдан өтпөсө, студенттерди тесттик тапшырмалар менен даярдабаганы белгиленет жана жоопкерчилиги суралат;
- Семестр ичинде студенттерди предмети боюнча көнүктүрүүчү тесттен ар түрдүү же өзү тандаган санарип платформалар аркылуу даярдайт;
- Студенттин модулга, экзаменге толук катышуусуна, өздүгүн аныктоодо жана өз убагында келишине предметтик окутуучулар жооптуу болот. Ал эми экзаменге босого баллга жетпей, уруксатсыз кирип кеткен студенттерди эсепке алуу дагы окутуучуга жүктөлөт;

**3.3. Кафедра жана ПЦК башчысынын милдеттери:**

- Билим алуучунун жетишүүсүн баалоочу модулдук-рейтинг системасы боюнча ар бир тайпанын жетишүүсүн текшерет, натыйжасына анализ берет, кафедранын же

ПЦКнын жыйынында карайт;

- Окутуучулардын модуль алуусунун жобого ылайыктуулугун, обьективдүүлүгүн көзөмөлдөйт жана өз убагында директорго билдирет;
- Окутуучулардын студенттер менен өз алдынча иштерди тапшыруу боюнча жүргүзгөн иштерин, сабак учурундагы түрдүү тапшырмаларды аткарышын, модулдардын тапшырылышын көзөмөлдөйт;
- Ар бир окутуучунун электрондук журналды толтурулушун ар бир эки айда көзөмөлдөп анализ жасайт, кафедранын, ПЦКнын жыйынында карайт, жыйынтыгын окуу бөлүмүнө билдирет;
- Ар бир модуль бүткөндө модулга кирбей калган студенттер менен чогулуш өтөт, АКЖнын маанисин түшүндүрөт;
- Модулга, экзаменге даярдануу, тапшыруу, жетишүү боюнча кураторлор менен иш жүргүзөт, ар бир модуль бүткөндө кураторлордон маалымат алат.

**3.4. Директордун окуу иштери боюнча орун басарынын милдети:**

- Модулду жана экзаменди кабыл алуу жадыбалын түзүп бекиттирет;
- Модулдарды өткөрүүнү академиялык календардын негизинде жүргүзөт жана ар бир тайпага жеткирет;
- Модулдардын жыйынтыктары боюнча маалыматтарды электрондук ведомосттордон I, F ведомосттордун түрүн алат, академиялык карыздарды жоюу (АКЖ) графигин түзөт, коомдук комиссиянын иштөө графигин бекиттирет;
- Ар бир семестрдин аягында студенттердин билимин баалоочу студенттердин рейтингин аныктайт;
- Окуу бөлүмүнө модулдардын анализдерин тапшырат;
- Модулдун анализи боюнча кафедралардын, ПЦКлардын жыйындарына катышат;
- Окутуучуларга модулдук-рейтингдик системанын өзгөрүүлөрүн жеткирет.

**3.5. Директордун милдети:**

- Окутуучулар тарабынан модулдарды кабыл алуу графигин так аткарылышын көзөмөлдөйт;
- Билим алуучунун модулдук-рейтинг системасын тааныштыруу боюнча окутуучуларга жана студенттерге чогулуш кылат;
- Кафедра жана ПЦКлардын модуль тапшырууну уюштуруу, жетишүүнү жогорулатуу боюнча иш тажрыйбаларынын жайылтат, ал эми тесттик тапшырмаларын өз убагында тестирлөө борборуна тапшырбаган окутуучуларга чара көрөт;
- «Эң жакшы» жетишкен студенттерге алкыштын формаларын аныктап, алардын ийгиликтерин белгилейт, студенттердин жеке, тайпа, курс боюнча рейтингин чыгарат;
- Экзаменге, модулга, АКЖга коомдук комиссияларды өз өзүнчө түздүрөт, графигин бекитет жана ишин көзөмөлдөйт;
- Электрондук журналдар менен үзгүлтүксүз иштейт, калтырган сааты 60 сааттан ашкан, окуудан чыгарууга жакын калган студенттерди анализдеп, алар менен чогулуш өткөрүп, катышуусу начар студенттер менен алдын алуучу иштерди жүргүзөт;
- Студенттин жетишүү, катышуусу боюнча тиешелүү ата-энелерге маалымат жеткирет;
- АКЖ боюнча студенттин арыздарын карап, тиешелүү студенттерге модуль, экзамендерди кайра тапшырууга уруксат берет;
- Модулдардын жыйынтыгы боюнча окуу бөлүмүнө отчет берет, модулдун жыйынтыгы боюнча окутуучулардын ишин анализдейт;

## 4. Билим алуучулардын жетишкендиктерин баалоонун модулдук-рейтингдик системасын уюштуруу

**4.1.** Студенттердин билимин текшерүү эки этаптан турат:

- **Модуль** - (катышууну текшерүү **(КТ),** жетишүүнү текшерүү **(ЖТ),** аралык текшерүү **(АТ)** жана студенттердин өз алдынча иши **(СӨАИ),** медициналык адистик үчүн объективдүү структураланган клиникалык экзамен **(ОСКЭ)** ден турат
- **Жыйынтыктоочу текшерүү** (экзамен).

Семестр ичиндеги окуу планындагы отчеттуулугу экзамен болгон предметтерден модулдун саны 2 модулду түзөт.

**4.2**. Модуль, экзамендерди кабыл алуу коомдук комиссиянын, сабак берген окутуучулардын (лектор жана ассистент) катышуусунда модулдун бекитилген жадыбалына ылайык өткөрүлөт. Компьютердик тестирлөө учурунда (модуль, экзамен) сабак берген окутуучу аудиториядагы тартипке, студенттин катышуусуна жана экзамендерди кабыл алуу эрежелерин сактоого милдеттүү болуп, байкоочу катары гана катышат, коомдук комиссиянын ишине кийгилишпейт, аудиторияны аралап басып студенттерге жардам берүүгө тыюу салынат.

**4.3**. **Катышууну текшерүү** (КТ)- экзамен болгон дисциплиналардан ар бир модулда 0-8ге чейин балл алат. Ал баллды күнүмдүк сабакка катышуудан топтойт. Эгерде студент сабактын жалпы саатынын 30%на катышпаса катышуунун жыйынтыгы электрондук ведомостто “0” болот. Окутуучу тарабынан AVN маалыматтык системасынын электрондук журналына студенттердин сабакка катышуусун белгилегенден кийин катышууну текшерүү (КТ) баллы автоматтык түрдө коюлуп, сабактын 70%ына катышкан студенттин босого баллы 6 болсо модулга кире алат. Катышуудан жыйнаган баллы 6 дан төмөн болсо (КТ)- “0 “ болот.

Ал эми өтүмдө (зачет) аралык текшерүү жүргүзүлбөйт. Жыйынтыгында тест тапшырат. Студент сабакка катышуусу “0”-“16” баллга чейин бааланат. Сабактын жалпы көлөмүнүн 30% калтырса (КТ)-“0” го айланат. Сабакка 70% катышкан студент 12 балл алат. 100% катышса 16 балл топтойт.

**Жетишүүнү текшерүү** (ЖТ)-студенттин сабак мезгилиндеги активдүүлүгү, сабактардан баа алуусу электрондук водомостто жетишүүнү текшерүүгө (ЖТ) коюлат. Ал 0-10 чейинки баллды көрсөтөт. Жетишүүнү текшерүүдө (ЖТ)да студент өтүлүп жаткан предмет боюнча бир жолу да баа албай, предметтен окутуучу тарабынан электрондук журналда тиешелүү “баа” коюлбаса жана сабактарда активдүүлүгүн көрсөтпөсө, ошол практикалык сабактын алган босого баллы 2ге жетпесе (ЖТ)-“0” болот да, модуль тапшырууга (компьютердик тестирлөөгө) уруксат берилбейт.

Жетишүүнү текшерүү (ЖТ)- өтүм (зачет) болгон учурда студент жетишүүгө (ЖТ) “0”-“20”га чейин балл топтойт. Жыйынтыктоодо босого баллы 6 дан төмөн болсо (ЖТ) – “0”го айланат. Эгерде студенттин катышуу, жетишүүдөн жыйнаган баллы 18 баллдан төмөн болсо өтүм(зачет) үчүн тестирлөөгө киргизилбейт. Өтүмдөн өтпөй калган студенттерге АКЖ уюштурулат.

Студент модуль тапшыруу учурунда модулдун графигинен башка убакытта (модуль алуучу окутуучунун кабары жок), башка жайда тапшырып балл алган болсо, предмет боюнча модуль алган окутуучу тарабынан бул жагдай жөнүндө институттун директору (колледждин директору) тарабынан тастыкталган баллды жокко чыгаруу жөнүндө билдирүү жазылып, окуу бөлүмүнө кайрылат. Компьютердик тестирлөө мобилдик телефон аркылуу тапшырылбайт.

Катышууну текшерүүдө (КТ) AVN маалыматтык системасынын электрондук журналына студенттердин сабакка катышуусу өз учурунда жана так белгиленүүсүнө окутуучу жооптуу болот жана көзөмөл жүргүзүү директорлорго милдеттендирилет.

**4.4.**Объективдүү структураланган клиникалык экзамен (ОСКЭ) / объективдүү структураланган практикалык (ОСПЭ) экзамен ОСКЭ жана ОСПЭ экинчи модулдан кийин экзамендин алдында өткөрүлөт.
Объективдүү структураланган клиникалык экзамен (ОСКЭ) / объективдүү структураланган практикалык (ОСПЭ) экзамен ОСКЭ жана ОСПЭни өткөрүү жана уюштуруу тартиби ОСКЭ жана ОСПЭ жөнүндө жобо менен жөнгө салынат.
ОСКЭ болгон дисциплиналарда 1-2- модулда аралыктан текшерүүдө (АТ) максималдуу 30 балл алат. 1-2-модулдун орточо баллы 48 болот, студент ОСКЭден 5 тен 11-баллга чейин балл топтойт. ОСКЭден топтогон баллы 5 тен төмөн болсо, кайрадан тапшырат. Ошондо жалпы максимум 59 балл болот. Экзаменде 41 балл топтойт да жалпы баллы 100гө жетет. Ал эми модулдардын орточосу 30 баллдан төмөн болгон учурда студент ОСКЭ тапшыра албайт. Ошондой эле ОСКЭден кийин, студенттин топтогон баллы 35 баллдан төмөн болсо экзаменге киргизилбейт.

| **Кредиттик баалоо системасы (билим берүү уюмумун кароосу боюнча)** | | | **Салттуу система боюнча баалоо** |
|---|---|---|---|
| **Баллдар** | **Тамгалык система боюнча баалоо** | **Сандык эквивалент** | |
| 93-100 | A | 4.00 | Эң жакшы |
| 90-92.99 | A- | 3.67 | |
| 87-89.99 | B+ | 3.33 | Жакшы |
| 83-86.99 | B | 3.00 | |
| 80-82.99 | B- | 2.67 | |
| 77-79.99 | C+ | 2.33 | Канааттандырарлык |
| 73-76.99 | C | 2.00 | |
| 70-72.99 | C- | 1.67 | |
| 67-69.99 | D+ | 1.33 | |
| 63-66.99 | D | 1.00 | |
| 60-62.99 | D- | 0.67 | |
| 00-59.99 | F | 0.00 | Канааттандырарлык эмес |
| - | P | | Зачет |
| - | NP | | Зачеттолгон жок |
| - | I | Жалпы орточо баллды эсептөөдө эске алынбайт | Жүйөлүү себептерден улам дисциплинанын бардык талаптарын аткарган жок |
| - | W | | Милдеттүү болбогон дисциплинаны угуудан баш тартуу |
| - | AU | | Дисциплинага баа албастан угуучу катары катышкан |

Эгерде студенттин тиешелүү документинде ошол дисциплина боюнча баасы бар, бирок баллы жок болсо, ушул жобого ылайык, GPAнын мааниси сандык эквивалентте көрүнүп туруусу үчүн, төмөндөгүдөй балл коюлсун:

"3"- 76 балл
"4"- 80 балл
"5"- 92 балл
Зачет-76 балл

**4.5.** Модулдарды (экзамендерди) тапшыруу компьютердик тестирлөө аркылуу жүргүзүлөт. Бул учурда аралыктагы текшерүү (АТ) жана студенттин өз алдынча иштери (СӨАИ)

бириктирилип, тестирлөөдөн максимум 41 балл топтойт. Модуль тапшыруу окуу процессинин графигине ылайык жүргүзүлүп, студент эки модулдун орточо баллын максимум 0-59 ала алат, ал эми экзаменде 0-41 баллга чейин чогултат. 30 баллдан төмөн алган студенттер экзаменге киргизилбейт.

**4.6**. Жыйынтыктоочу текшерүү жалпы 100 баллдык система менен аныкталат.
Сабактардын жыйынтык баллы (экзамен) электрондук сынак китепчеге жана электрондук экзамендик (зачеттук) ведомостко төмөндөгү шкала жана критерийлердин негизинде автоматтык түрдө бааланып коюлат, GPAнын мааниси сандык эквивалентте көрүнүп турат:

I - билим алуучуга коюлат, эгерде ал жүйөлүү себептерден улам курстун бардык талаптарын аткарбаса б.а.модуль, экзаменге келбей калса, ж.б. Билим берүү уюму белгилеген мөөнөттүн ичинде билим алуучу курстун бардык талаптарын аткарууга укуктуу, андан кийин баа өзгөртүлөт.

F- Канааттандырарлык эмес.

Р-студентке кредит алууга гана мүмкүнчүлүк берүүчү баа. Р баасы тандоо дисциплинасы боюнча гана (жетишүүнүн орточо баллын (GPA) эсептөөдө колдонулбайт) коюлат.

Канааттандырарлык эмес баа алган учурда документ менен негизделген учурлардан тышкары, билим алуучунун орто аралык аттестациялоодон кайталап өтүүсүнө жол берилбейт.

Жетишүүнүн жыйынтыгы боюнча билим алуучунун орточо баллы эсептелет (GPA - Grade Point Average), анын максималдуу мааниси 4,0 баллды, минималдык 2.0 баллды түзөт. Билим алуучунун орточо салмактанып алынган баасы ар бир семестрде жана окууну аяктагандан кийин окутуунун жыйынтыктарынын натыйжасы боюнча эсептелет.

**4.7.** Студенттин модулдагы арифметикалык орточо баллы 30-59 болсо, алжыйынтыктоочу текшерүүгө киргизилип, билимине жараша 0-41 балл ала алат.
Студенттин жалпы блоктогу арифметикалык орточо баллы 0-29 болсо, ал жыйынтыктоочу текшерүүгө киргизилбейт жана кайра тапшыруу “Студенттерди модулдарга жана экзамендик сессияга киргизүү жана академиялык карыздарын кайра тапшыруу тартибинин жобосуна” ылайык жүргүзүлөт.

**4.8.Экзамендин баалоо шкаласы төмөндөгүдөй болот:**
90-100-“5” эң жакшы
80-89 -“4” жакшы
60-79 -“3” канааттандырарлык
59-0- “2”канааттандырарлык эмес

**Өтүм (зачет):**
0-44 – “өткөн жок”
45-100 – “өттү”

**4.9**.Модулдун баллын жогорулатуу үчүн кайрадан тапшырууга уруксат берилбейт. Модулга келбеген (киргизилбеген) студентке «кж» белгиси коюлат. Студент биринчи модулга кандайдыр бир жүйөлүү себептер менен келбей калса (киргизилбесе) тастыктоочу документтердин негизинде кийинки экинчи модулга эки жума калганда директор тарабынан уруксат берилет. Ал эми экинчи модулдун АКЖсы экзмамендин алгачкы үч күнүндө жүргүзүлөт жана модулду тапшырууга жекече график түзүлөт. Модулга себепсиз келбей калса: 1) директор тарабынан сабакка катышуусу анализденип, окуудан чыгарууга сунушталат; 2) ушул Жобонун 4.8 пунктунун негизинде жыйынтыктоочу текшерүүгө киргизилбейт.

Семестр ичинде жалпы себепсиз 72 саат сабакка катышпаган студентти окуудан чыгаруу боюнча директор тарабынан сунуш берилет.

Экзамендик ведомосттордун (түп нускасы жана электрондук формасы) өз учурунда чыгарылып, тиркелип толтурулушу институттун жана колледждин директорлору тарабынан көзөмөлдөнөт.

## 5.Студенттин билим деңгээлин (рейтингин) аныктоо тартиби

**5.1.** Директор тарабынан кышкы жана жайкы сессиянын жыйынтыгы менен ар бир студенттин билим деңгээли аныкталат. Ал семестрде окулган предметтерден алган баллдарды суммалоо менен жыйынтыкталат.

**5.2.** Курстагы ар бир академиялык тайпанын кышкы жана жайкы сессиянын жыйынтыгы менен деңгээлин директор аныктайт. Ал тайпанын жалпы баллынын арифметикалык орточо баллынын негизинде (тайпанын жалпы баллынын суммасы студенттердин санына бөлүү менен алынат) чыгарылат.

Ушул эле жол менен курстун, адистиктин билим деңгээли аныкталат;

Модулдун жыйынтыгы менен ар бир академиялык тайпанын, курстун, адистиктин мыкты студенти, мыкты академиялык тайпасы, курсу аныкталат.

**5.3.** Студенттин билим деңгээлинин рейтинги калдык билим деңгээлин аныктоочу мониторингдин жыйынтыгы менен салыштырылат.

**5.4.** Студенттердин билим деңгээлинин рейтингин аныктоодогудай эле окутуучулардын дагы билим берүү деңгээлинин рейтинги чыгарылат. Ушул жобонун 3.3. пункутундагы окутуучунун милдеттерине ылайык жыйынтыкталат.

**Иштеп чыккандар:**
Алибаев А.П.
Уметов Т.Э.
Турдубаева Б.М.